**Мамлекеттик казына облигациялары рыногу**

*(2012-жылдын июль айы)*

Өтүп жаткан жылы түптөлгөн иш жагдайы боюнча июль айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рыногунда жайгаштыруу боюнча 1 аукцион өткөрүлүп, анын жыйынтыгында рынок катышуучулары тарабынан 220,0 млн. сом жалпы суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган. Бул июнь айындагы ушул көрсөткүчтөн 46,6пйаызга жогору. Ошентип, баштапкы жарыяланган эмиссия көлөмү болгону 177,0 млн. сомду түзгөндүгүнө карабастан, эмитент бул кагаздарга суроо-талаптын олуттуу бөлүгү канааттандырууну чечкен. Жайгаштырылган МКОну сатуунун жалпы көлөмүндө 77,3 пайыз өлчөмүндөгү олуттуу бөлүгү бул рынокто негизги инвесторлордон болуп саналган бир ири коммерциялык банкка туура келген. Кагаздардын калган бөлүгү өткөн айда кагаздарды сатып алуу процессине жигердүү катышкан институционалдык инвесторлордун атынан тооруктун башка катышуучусунун ээлигине өткөн. Июль айында өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгы боюнча рынокто жайгаштырылган МКОнун орточо алынган кирешелүүлүгү 14,5 пайызды түзүп, кийинки 4 ай катары менен ошол деңгээлде сакталып калган.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Июль айында жүгүртүүдөгү МКО көлөмү ай ичинде 6,8 пайызга көбөйүп, 3,4 млрд. сомду түзгөн. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагынын 37,4 пайызга чейин төмөндөшүнөн улам, эквиваленттүү азайышынын эсебинен, 1,0 п.п. (62,7 пайызга чейин) көбөйгөн. Ал эми юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлинде калган.

МКО биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси[1] айдын жыйынтыгы боюнча 0,36т түзгөн. Бул концентрациялануу деңгээли жогору экендигин көрсөтүп, рынокко бирдей үлүш менен 3 инвестордун катышып жаткандыгын түшүндүрөт.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

[1] Бул индекс баалуу кагаздардын банктардын портфелинде концентрациялануу деңгээлин чагылдырат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинип, жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу мааниси 0дөн 1ге чейинки маанилердин интервалында камтылат. Индекстин 0,10дон азды түзгөн мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине ылайык келет. 0,10дон 0,18ге чейин концентрациялануунун орточо деңгээлине, ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогору деңгээлине туура келет. Мисалы, 0,50гө барабар болгон концентрациялануу индекси рынокко бирдей үлүшкө ээ болгон эки катышуучунун тартылгандыгына эквиваленттүү болсо; 0,30 – үч катышуучуну чагылдырат.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Теке'2011 | 2 213 792,0 | 70 685,7 | 3,2% | 1 661 706,5 | 75,1% | 478 454,8 | 21,6% | 2 945,0 | 0,1% |
| Баш оона | 2 593 792,0 | 70 685,7 | 2,7% | 1 966 437,7 | 75,8% | 553 723,6 | 21,3% | 2 945,0 | 0,1% |
| Аяк оона | 2 752 012,0 | 70 685,7 | 2,6% | 1 861 097,7 | 67,6% | 817 283,6 | 29,7% | 2 945,0 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 2 927 012,0 | 500 940,7 | 17,1% | 1 888 929,5 | 64,5% | 532 494,6 | 18,2% | 4 605,2 | 0,2% |
| Жетинин айы | 3 056 703,0 | 500 940,7 | 16,4% | 1 881 130,5 | 61,5% | 671 484,6 | 22,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Теке | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |